**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ИЛИМ, ЖОГОРКУ БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИННОВАЦИЯЛАР МИНИСТРЛИГИ**

**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**МЕДИЦИНАЛЫК КОЛЛЕДЖИ**

**АДИСТИК: Акушердик иши**

**КВАЛИФИКАЦИЯСЫ: Акушер**

**Шифр (060102)**

**"БЕКИТЕМИН"**

**ОшМУнун медициналык**

**колледждин директору, м.и.к.,**

**/ доцент З.С. Арынов**

**"29" 08 2025- жыл**

**НКББПнын максаты (миссиясы жана милдеттери).**

**Билим берүү программасынын максаттары:**

**Максат 1.** Өзүнүн кесиптик компетенциясына, ыйгарым укуктарына ылайык акушердик-гинекологиялык жардам, диагностика, кош бойлуулукту жана төрөттү башкаруу,тез медициналык жардам, дарылоо жана санитардык-агартуу иш-чараларын көрсөтө алган даяр адис болууга тийиш.

**Максат 2.** Кош бойлуу жана акушердик паталогия менен ооруган бейтаптарды кароодо медайымдык процесстин негизги кадамдарын талдоону жана документтештирүүнү билет, маалыматты заманбап технологиянын деңгээлинде сактай алат, өз билимин дайыма өркүндөтүү менен жумушту алып барат.

**Максат 3.** Дайыма өзгөрүп турган рынок экономикасынын шартында атаандаштыкка жөндөмдүү, гумандуу болуу, өзүнүн базалык билимин кесиптик ишмердүүлүгүндө сарамжалдуу пайдалануу , өз оюн мамлекеттик жана расмий тилдерде билдире алат,ошондой эле чет тилдердин бирин билет.

Сканировано с CamScanner

# ОКУТУУНУН НАТЫЙЖАЛАРЫ (ОН)

**2025-2026-окуу жылы үчүн**

| № | Окутуунун натыйжалары | Компетенциялар |
|---|---|---|
| ОН1 | Үч тилде баарлашат: кыргыз жана орус тилдеринде В2 деңгээлинде, чет тилдердин биринде В1 деңгээлинде кесиптик чөйрөдө кеп ишмердүүлүгүн жүргүзөт. | ЖК-1, ЖКК-1, КК-1 |
| ОН 2 | Заманбап маалыматтык-телекоммуникациялык технологияларды жана математикалык методдорду колдонот, техникалык, санариптик жана креативдүү экономиканын тенденцияларына ийкемдүү мамиле жасайт. | ЖК-2,ЖК-5, ЖК-6, КК-18 |
| ОН 3 | Бейтаптын анатомиялык, физиологиялык жана генетикалык өзгөчөлүктөрүн билүү менен, дарттын келип чыгуу себептерин, клиникалык белгилерин аныктай алат. Бейтаптарга медициналык жардам көрсөтүүдө этика жана деонтология принциптерине ылайык медициналык кызматкердин укуктук абалы боюнча билимге ээ боло алат. | ЖК2+ЖК5+ЖК6+КК1+КК3+ КК4+КК5+КК6+КК8 |
| ОН 4 | Бейтапты лабораториялык, функционалдык жана инструменталдык изилдөөлөргө даярдай алат, медициналык процедураларды, оорулууга гигиеналык кам көрүүнү жана физико-терапиялык иш-чараларды аткара билет, дары-дармектердин организмге тийгизген таасирин билүү менен сарамжалдуу колдоно алат. | КК1+КК3+КК10+КК11+ККК 1+ККК2+ККК3 |
| ОН 5 | Кош бойлууга жана бейтаптарга медициналык жардам көрсөтүүдө уюштуруучулук жана ишкердик жүргүзүүдө аналитикалык ойлонот, сын көз караш менен аракеттене алат, санитардык-гигиеналык жана эпидемиологиялык талаптарды сактоо менен коопсуз чөйрөнү түзө алат, , медициналык процесстерди документтештирип, дарыгерге чейинки биринчи жардам көрсөтө алат. | ЖК 2+ЖК5+ЖК7+КК2+КК 3+КК4+КК5+КК8+КК10+КК К4ККК6 |
| ОН 6 | Дарыгердин жетекчилиги астында гинекологиялык ооруларды алдын алууну , дарылоону жана репродуктивдүү ден соолукту сактоону, үй-бүлөнү пландаштырууну жана кенеш берүү кызматтарын көрсөтө алат. Кош бойлууну каттоого алууну, төрөттөн кийинки аялдарга патронаж жүргүзүүнү клиникалык протоколдордун негизинде иш алып бара алат. | ЖК5+КК2+КК3+КК4+КК5КК 6+КК8 |

Сканировано с CamScanner

| | | |
|---|---|---|
| **ОН 7** | Аялдардын жыныс мүчөлөрүнүн түзүлүшүн, кош бойлуулуктун жана төрөттүн физиологиясын билүү менен кош бойлуулукту жана төрөттү алып бара алат. Жаны төрөлгөн ымыркайларга баштапкы кароону жүргүзүүнү, биринчилик жардам көрсөтүүнү, кам көрүүнү жана ата-энелерди да ымыркайды кам көрүүгө үйрөтө алат.. | ЖК2+ЖК5+ЖК7+КК4+КК6+КК7+КК9+КК10+КК11+ККК2+ККК5 |
| **ОН 8** | Акушердик патология учурунда тез жардам иш-чараларын: кош бойлуулуктун, төрөт учурундагы жана төрөттөн кийинки мезгилдеги татаалдануулларды, тиешелүү хирургиялык манипуляцияларды аткара алат. Баланын өнүгүүсүндөгү физикалык жана психалык четтөөлөрду аныктап, диагностикалык жана алдын алуу иш-чараларын жүргүзө алат. | ЖК5+ЖК7+КК 1+КК4+КК5+КК6+КК12 |

**060102 Акушердик иши** адистиги боюнча билим берүү программасынын бүтүрүүчүсү төмөндөгү **жалпы кесиптик компетенциялар (ЖКК)** ээ болуусу керек:

| **Компетенциялар дын номери** | **Жалпы кесиптик компетенциялар** |
|---|---|
| **ЖКК 1** | Кесиптик милдеттерди натыйжалуу аткарып, кесиптик жана жеке өнүгүү үчүн зарыл болгон маалыматтарды издеп, чечмелеп жана колдоно билет. |
| **ЖКК 2** | Команданын мүчөлөрүнүн (баш ийгендердин) ишине жана жумуш ордунда окуп үйрөнүүсүнө,аткаруунун натыйжалуулугуна жоопкерчилик алат. |
| **ЖКК 3** | Өзүнүн жеке жана профессионалдык өнүгүүсүн башкара билип, эмгек шарттарынын өзгөрүшүнө жана кесиптик ишмердүүлүктөгү технологиялык өнүгүүлөргө ыңгайлаша алат. |
| **ЖКК 4** | Уюштуруучулук жана башкаруучулук иштерди чакан командалар менен иштөөгө даяр болот. |
| **ЖКК-5** | Стандарттык жана стандарттык эмес өзгөчө кырдаалда кесиптик маселелерди чече билүү, чечим кабыл алуу, демилге киргизүү жана жоопкерчилик менен иш алып барат. |

Сканировано с CamScanner

**060102 акушердик иши** адистиги боюнча **"АКУШЕРКА"** квалификациясына ээ болгон бүтүрүүчү кесиптик ишмердүүлүктүн түрүнө шайкеш келген төмөндөгүдөй **кесиптик компетенцияларга (КК)** ээ болушу керек:

**Дартты аныктоо жана дарылоодогу кесиптик компетенциялар (акушер-гинекологиялык)**

| Компетенциялар дын номери | Дартты аныктоо жана дарылоодогу кесиптик компетенциялар |
|---|---|
| **КК 1** | Клиникалык протоколдордун негизинде физиологиялык кош бойлуулукта, төрөт жана төрөттөн кийинки мезгилде акушердик жардам көрсөтө билет. Акушердик патология учурунда тез жардам иш-чараларын аткара билет. Төрөт учурунда дарыгерге хирургиялык манипуляцияларды аткарууга жардам бере алат (чаттын 1-2 даражадагы бертинүүлөрүн калыбына келтирүүдө, акушерге тийешелүү болгон милдетерине жараша көмөк көрсөтө алат). Бейтапка медициналык кийгилишүүлор жөнүндө түшүнүктүү, жеткиликтүү маалымат бере алат. |
| **КК 2** | Жаңы төрөлгөн ымыркайды алгачкы текшерүүдөн өткөрүп, ымыркайга баа бере алып, кам көрүп жана ата-энелерди да ымыркайды кам көрүүгө үйрөтө алат. |
| **КК 3** | Кош бойлуу аялга диагностика жүргүзүп, дарыгерге чейинки жардам көрсөтө алып жана кош бойлуулуктун татаалданышында, төрөттөн кийинки мезгилдеги акушердик жана экстрагениталдык патологиясы бар аялга кам көрө билет. Курч ооруларда, кырсыктарда, өзгөчө кырдаалдарда, эпидемиялык шарттарда жана гинекологиялык тез жардамды дарыгерге чейин көрсөтө билет. |
| **КК 4** | Диагностикалык процедураларды кесиптик милдет чегинде өз алдынча аткара алат. Операцияга чейинки жана операциядан кийинки мезгилде кам көрө алат. |

**Ооруну алдын алуу ишмердүүлүндөгү кесиптик компетенциялар**

| | |
|---|---|
| **КК 5** | Кош бойлуу аялдарга обсервация жүргүзүп, төрөттөн кийинки аялдарга патронаж кылып, кош бойлуу аялдарды төрөткө физикалык жана психопрофилактикалык жактан даярдап, кош бойлуу аялдарга кош бойлуулуктун, төрөттүн жана төрөттөн кийинки мезгилдеги кыйынчылыктарды алдын алуу боюнча кенеш бере алат. |
| **КК 6** | Экстрагениталдык патологиясы бар бейтаптарды дарыгердин жетекчилиги астында алдын алуу иш чараларын өткөрө алат. |
| **КК 7** | Баланын өнүгүүсүндөгү физикалык жана психикалык аномалияларды аныктай алып, дарыгердин жетекчилиги астында балдарга кам көрүү жүргүзүп, дарылоо, диагностикалык жана профилактикалык иш чараларды жүргүзө алат. |

Сканировано с CamScanner

| | |
|---|---|
| КК 8 | Профилактикалык текшерүүлөрдү жүргүзө алып, аялдарды медициналык текшерүүгө көмөк көрсөтүп, гинекологиялык бейтаптарга диагностикалык жана өз убагында профилактикалык жардам көрсөтө алат. |
| КК 9 | Тиш ооруларын алдын алуу боюнча иш чараларды уюштуруп, кош бойлуу аялдардын ооз көндөйүн санитардык кароодон өткөрө алат. |

**Медико-социалдык ишмердүүлүк чөйросүндөгү кесиптик компетенциялар**

| | |
|---|---|
| КК 10 | Эне жана баланын ден соолугунун маселелери боюнча пациенттерге кенеш берүү жана бейтапка медициналык камсыздардыруу жөнүндө маалымат бере алат. |
| КК 11 | Башка уюмдар менен бирдикте калкка биринчи жардам көрсөтүү ыкмаларын маалымдап жана үйрөтө алат. |
| КК 12 | Саламаттык сактоо мекемелеринде санитардык-гигиеналык жана эпидемияга каршы режимди сактай алып, калкка санитардык – гигиеналык агартуу иштерин жүргүзө алат. |
| КК 13 | Жугуштуу жана жугуштуу эмес ооруларды алдын алуу боюнча иш-чараларды уюштуруп, санитардык агартуу жумуштарын калк арасында жүргүзө алат. |

**Калыбына келтирүү ишмердүүлүндөгү кесиптик компетенциялар**

| | |
|---|---|
| КК 14 | Бейтаптарды жана үй-бүлө мүчөлөрүн операциядан кийинки мезгилде өзүн-өзү тейлөө жана кам көрүү көндүмдөрүн үйрөтө алат. |
| ККК 15 | Физико-терапевтик ыкмаларды өздүк эрежелерине ылайык колдоно билет. |
| ККК 16 | Бейтаптын анатомиялык жана физиологиялык өзгөчөлүктөрүн билүү менен ар кандай курактагы ден соолукту сактоодо жана чыңдоодо бейтапка жана анын үй-бүлөсүнө кам көрүү, өзүн-өзү тейлөөнү үйрөтө алат. |

**Уюштуруучулук жана башкаруучулук ишмердүүлүгүндөгү кесиптик компетенциялар**

| | |
|---|---|
| КК 17 | Энелердин жана перинаталдык оорулардын жана өлүмдөрдүн санын азайтуу максатында маалыматтык материалдарды, КОИ (клиникалык өлүмдү изилдөө) программаларын иштеп чыгууга катыша алат. |
| ККК 18 | Субьектердин укутары жана милдеттери, медициналык жардам көрсөтүү жана медициналык кызматкердин укуктук абалы жөнүндө билимге ээ. |
| КК 19 | Кесиптик ишмердүүлүктө компютердик технологияларды, колдонмо программаларды (1С, Medicine, SAD/SAM) жана мобилдик тиркемелерди эффективдүү колдоно билет. |

Акушердик иши адистигинин НКББП жетекчиси__________Мамасаит кызы Джанара

Сканировано с CamScanner